DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Мамашарип кызы Б.*

# БҮТҮМ ТҮЗҮҮДӨ ЖУБАЙЛАРДЫН МАКУЛДУГУ

*Мамашарип кызы Б.*

# СОГЛАСИЕ СУПРУГОВ ПРИ СОВЕРШЕНИИ СДЕЛКИ

*Mamasharip kyzy B.*

# CONSENT OF THE SPOUSES WHEN MAKING TRANSACTION

*УДК: 347:6*

*Макалада үй-бүлөлүк маселелерди чечүү мыйзамдын жоболорун колдонуунун татаалдыгын жана аларды тиешелүү укуктук жөнгө салуу практикада талап кылынган, бирок талап кылган укуктук институттарды кылдаттык менен изилдөө мүмкүн эмес. Ушул маселелрдин практикалык мааниси жубайынын нотариалдык иш-аракеттерин жүзөөгө ашырууда келип чыккан өзгөчөлүктөрдү изилдөөдө турат. Белгиленген көйгөйдүн маанилүүлүгү жана анын иштелип чыгуусунун жол жобосу макалада баяндалат. Макаланын максаты нотариалдык күбөлөндүрүүгө жаткан мамилелерди үй-бүлөлүк укук боюнча келишимдик милдеттердин теориясынын жалпы жоболорун изилдөө жана системалаштыруу болуп саналат. Ошондой эле, үй-бүлөлүк - укуктук макулдашууларды укуктук жөнгө салууну жана нотариалдык жактан ырастоонун көйгөйлөрүн жана табиятын карап чыгуу.*

***Негизги сөздөр:*** *жубайлар, нотариат, үй-бүлө, көйгөй, милдет, мүлк, ээлик кылуу, бүтүм, мамлекет.*

*В статье решение семейных проблем подробно рассматривается в сложности применения положений закона и их надлежащего правового регулирования, которые требуются на практике, но не могут быть тщательно изучены требуемыми правовыми институтами. Практическая значимость этих вопросов заключается в изучении особенностей, возникающих у супруга при совершении нотариальных действий. Важность обозначенной проблемы и процедуры ее разработки описаны в статье. Целью статьи является изучение и систематизация общих положений теории договорных обязательств по семейному праву в отношении нотариально удостоверяемых отношений. А также рассмотрение проблемы и характер правового регулирования и нотариального заверения семейно-правовых соглашений.*

***Ключевые слова:*** *супруги, нотариус, семья, проблема, обязательства, имущество, владение, сделка, государство.*

*The article solving family problems examines in detail the difficulties of applying the provisions of the law and their proper legal regulation, which are required in practice, but cannot be thoroughly studied by the required legal institutions. The practical significance of these issues lies in the study of the features that arise in the spouse when performing notaries actions. The importance of the designated problem and the procedure for its development are described in the article. The purpose of the article is to study and systematize the general provisions of the theory of contractual obligations under family law in relation to notarized relationships. And also to consider the problems and nature of legal regulation and notarization of family legal agreements.*

***Key words:*** *spouses, notary office, family, problem, obligations, property, ownership, deal, states.*

Азыркы кыргыз үй-бүлө мыйзамдарын талдоо үй-бүлө укугунда түзүлгөн бүтүмдөрдүн системасы жөнүндө айтууга мүмкүндүк берет, алар аркылуу үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучулары өздөрүнүн үй-бүлөлүк укуктарын толук жүзөөгө ашырууга мүмкүнчүлүк алышты деп айтак болот, үй-бүлөлүк милдеттерди белгилөөдө соттук териштирүүгө кайрылбастан өз каалоосу боюнча келип чыккан пикир келишпестиктерди жөнгө салуу. Кээ бир үй-бүлөлүк укук мамилелеринин салыштырмалуу мүнөзү милдеттенмени билдирет. Жубайлардын ортосундагы мамилени өз алдынча жөнгө салууга - мамилелерди нотариалдык күбөлөндүрүү жолу менен ишке ашырсак болот.

Милдеттүү түрдөгү нотариалдык күбөлөндүрүүгө жаткан бүтүмдөргө Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексини 36-беренесине ылайык жалпы менчик болуп саналган кыймылсыз мүлктү ээликтен ажыратууга жубайынын макулдугу кирет. Бүтүмдү нотариалдык жактан күбөлөндүрүү, тараптарга бүтүмдү андан ары мамлекеттик каттоодо айрым артыкчылыктарды берет.

Мыйзам бүтүмдүн нотариалдык формасын жана аны мамлекеттик каттоо жөнүндө талаптарды сактабоонун эн катуу кесепеттерин белгилейт. Милдеттү нотариалдык формасын сактабагандык бардык учурларда анын жараксыздыгына алып келет. Нотариалдык иш-аракетти жүзөгө ашыруу алдында нотариус тараптарга алар тарабынан сунуш кылынган бүтүмдүн долбоорунун маани-манызын түшүндүрүүгө жана анын мазмуну тараптардын чыныгы ниетине ылайык келээрлигин жана мыйзамдын талаптарына каршы келбестигин текшерүүгө милдеттүү.

Нотариат жөнүндөгү мыйзамдын 47-50 беренелерине ылайык мүлк менен бүтүмдөрдү күбөлөндүрүүдө нотариус:

- бул мүлктүн менчик укугунда же башка буюм укугуна таандык экендигин;
- менчик ээлеринин бар экендигин;
- ушул мүлктүн ээликтен ажыратууга тыюу салуунун, же камакка алынгандыгын текшерет.

Ошондой эле, эреже катары нотариус бүтүмдүн предмети болуп саналган мүлктү баалоо жөнүндө документтер текшерилет.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Кыймылсыз мүлк менен бүтүмдөрдү жасоодо нотариус тарабынан "Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө" мыйзамда каралган документтер текшерилет. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 36-беренесинде көрсөтүлгөн бүтүмдөрдү күбөлөндүрүүдө нотариус тарабынан бүтүмдү жасоого экинчи жубайдын нотариалдык күбөлөндүрүүгө макулдугунун бар экендигин текшерет.

Эгерде жубайынын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн макулдугу менен бүтүмдүн кандайдыр бир шарттары көрсөтүлсө, нотариус бүтүмдү күбөлөндүрүүдө ушул шарттар сакталгандыгын текшерет. Эгерде жактар катталбаган никеде турушса, анда нотариуска бул жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз берилет. Аракетке жөндөмсүз же толук эмес аракетке жөндөмдүү жашы жете элек балдардын катышуусу менен бүтүмдөрдү күбөлөндүрүүдө, нотариус алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн же балдарды жана үй-бүлөнү колдоо бөлүмүнүн мыйзамга ылайык талап кылынган бүтүмдү жасоого макулдугунун бар экендигин текшерет.

Нотариалдык тартипте күбөлөндүрүлүүчү бүтүмдүн мазмуну баяндалган документтердин нускамаларынын саны нотариалдык иш-аракетти жүзөгө ашыруу үчүн кайрылган адамдар тарабынан аныкталат, бирок бүтүмгө катышып жаткан тараптардын санынан ашпоого тийиш. Жубайлар жалпы мүлккө карата өздөрүнүн тен укуктарын мыйзамда аныкталган тартипте иш жүзүнө ашыра алат. Жубайлардын биргелешкен жалпы мүлктөрүн пайдалануу, тескөө жана ээлик кылуу, алардын биргелешкен макулдугу менен жүргүзүлөт. Бул эреже жарандык мыйзамдуулугунун жактардын биргелешкен менчигинде турган мүлктөрдү пайдалануу, тескөө жана ээлик кылуу жөнүндөгү жалпы эрежесине ылайык келет.

Бул учурда жубайлардын нике учурунда сатып алган мүлктөрү негиз боло алат. Башкача айтканда, учурдан тартып, мүлктү сатып алуу жана аны ажыратуу, же болбосом жубайлардын макулдугу боюнча бөлүштүрүү же болбосом соттун чечими менен бөлүштүрүү, ошондой эле жубайлар нике токтотулганга негиздер пайда болгонго чейин ушул мүлктөрдү тескөө, пайдалануу жана ээлик кылууну өз алдынча макулдашып ишке ашырышлат. Жубайлардын жалпы мүлкүн тескөө боюнча бүтүмдөрдү (белекке берүү, сатуу жана сатып алуу, алмашуу ж.б.) жубайлар чогуу да, ар бири өзүнчө да түзө алышат. Мында жубайлардын бири жалпы мүлктү тескөө боюнча бүтүм жасаганда, анын берки жубайынын макулдугу менен күчүндө болот деп болжолдонот.

Ошентип, мыйзам менен жубайлардын биринин жалпы мүлкүн тескөө актысына экинчи жубайдын макулдугу презумпциясы (сунушу) белгиленген [1]. Бул жубайлардын бири менен бүтүм түзүү үчүн бир жубайга экинчи жубай менен макул экендигин текшерүүнүн кереги жок, акыркы бир ишеним кат талап кылууга, ошондой эле анын макул болуу фактысы келип чыккан болушу керек дегенди билдирет. Мыйзам чыгаруучунун бул маселени башкача чечүүсү жарандык карым-катнаштын олуттуу татаалдашуусуна алып келмек. Жалпы мүлктү башка жубайга иш жүзүндө тескөө боюнча бүтүм жасоого жубайдын макулдугунун бар экендиги жөнүндө сунуш, иштин чыныгы абалына ылайык келбеши мүмкүн.

Мындай учурда бүтүмгө макул болбогон жубайы өзүнүн бузулган укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылууга жана мындай бүтүмдү талашууга укуктуу. Ошону менен бирге бүтүмдү жараксыз деп табуу жөнүндөгү анын талабы, эгерде бүтүм келтирген жубай экинчи жубайынын бүтүмдү жасоого макул эместигин алдын-ала билгендиги же макул эмес экендигин билип туруп жасагандыгы далилденген учурда гана сот тарабынан канааттандырылышы мүмкүн, башкача айтканда билип туруп ак ниетсиз аракеттенген. Аталган атайын шарт, жубайынын бүтүмдү жараксыз деп табуу жөнүндөгү доосун канаттандыруу үчүн зарыл болгон атайын шарт бүтүмдөрдө ак ниеттүү контрагенттердин мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого жана жарандык карым-катнаштын эрежелерин жөнөкөйлөтүүгө багытталган. Бул жубайынын талабы жалпы мүлктү башкаруу боюнча бүтүм кабыл алынышы жөнүндө экенин белгилей кетүү керек, башка жубайы менен жасалган, доогер жубайынын макулдугунун жоктугу боюнча жараксыз деп табылган доонун эскирүү мөөнөтү белгиленген эмес, бул туура эмес деп таанууга болбойт. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 5-беренесинин жоболорун эске алуу менен үй-бүлөлүк мамилелерине карата үй-бүлө мыйзамдары менен жөнгө салынбаган, жарандык мыйзам боюнча жубайынын мындай талабына карата жарандык кодекстин 199-беренесинин 1-пунктунда каралган доонун эскирүү мөөнөтүн колдонуу мүмкүнчүлүгү берилет, б.а. каралып жаткан кырдаалга ылайык, жубайы жалпы мүлктү башка жубайынын макулдугусуз тескөө боюнча бүтүм жасалып жатканын билген же билүүгө тийиш болгон күндөн тартып бир жыл. Ушул түрдөгү талаптар боюнча доонун эскирүү мөөнөтүнүн жоктугу, жарандык карым-катнаштын туруктуулугуна жана укуктук аныктуулукка таасир этет [2].

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинде колдонулган "макулдашуу" жана "өз ара макулдук" түшүнүктөрүн ажыратууга болот. "Макулдашуу" деген термин, өз ара макулдукка караганда, маселени майда-чүйдөсүнө чейин жөнгө салууну

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



болжолдойт. Макулдук – бул жубайлар колдонгон, түшкү тамактын менюсунан баштап өргүү мезгилинде кайсыл жерде эс алууну чечүүчү күнүмдүк турмуштук маселелрди чечүү механизми. Макулдашуу үй-бүлө укугунда - үй-бүлөнүн мүчөлөрү үчүн маанилүү болгон маселелерди ыктыярдуу чечүү, ошондой эле коомдун үй-бүлөлүк жашоосу үчүн.

Юридикалык факты болуу менен, үй-бүлө укугунда макулдашуу жарандык укугундагы келишимден айырмаланып, эч кандай үй-бүлөлүк мамилелерди пайда кылбайт, анткени алар башка юридикалык факторлор менен жаратылат: никеден, туугандыктан, кароосуз калган балдарды үй-бүлөдө тарбиялоого кабыл алуу фактыларында.

Үй-бүлө укуктарындагы макулдашуулар башка максаттар болсо да көз салынып турат:

1) жубайларга жана ата-энелерге таандык болгон тен укуктарды макулдашып жүзөгө ашыруу (баланын аты жөнүндө, ата-энелик укуктарды жүзөгө ашыруунун тартиби тууралуу...);

2) үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө карата үй-бүлө мүчөсү өз милдетин аткаруусунун тартибин жана ыкмасын аныктоо (алимент төлөө жөнүндөгү макулдашуу).

Өз ара макулдашылууга тийиш болгон маселелер боюнча бир пикирге келе алышпаса (мисалы: мүлктү бөлүштүрүү, баланын атынан чыгуу ж.б.) анда сот жана үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмү тарабынан чечүүгө тийиш болот. Милдеттерди ыктыярдуу аткаруунун тартиби жана ыкмасы жөнүндө макулдашууга жетишилбеген учурда соттун чечими менен үй-бүлөнүн милдеттүү мүчөсү аны аткарууга мажбурланат [3].

Үй-бүлөлүк-укуктук макулдашуу өзгөчөлөнүп турат, аны бир гана физикалык жактар түзөт, бирок баары эмес, үй-бүлөнүн мүчөлөрү гана, б.а. өз ара үй-бүлөлүк укуктарга жана милдеттерге ээ болгондор. Андан тышкары, үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары эле макулдашуу түзүүгө укуксуз, бир гана жубайлар (мурдагы жубайлар) ата-энелер түзө алышат. Ал эми ага-инилердин, эже-синдилердин, чон-ата, чон-энелердин ортосунда макулдашуу алименттик укук мамилелер пайда болгондо гана түзүлөт.

**Адабияттар:**


1. Чефранова Е.А. Сделки, заключаемые супругами // Юридический мир. - 2008. - № 12. С.21.
2. Зайцева Т.И. Глава 7 "Удостоверение договоров об отчуждении недвижимого имущества" // Настольная книга нотариуса. М., 2008. Т. 1. С.295.
3. Муратова С.А., Тарсамаева Н.Ю. Семейное право: Учебное пособие. - М., 2009. С.143.
4. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө Кодекси Бишкек 2003. (өзгөртүү толуктоолор менен 17.08.2020. № 135)
5. Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси (1-бөлүм) Бишкек 1996-ж. (өзг.толуктоолор менен 24.03.2021. №42)
6. Кыргыз Республикасынын Нотариат жөнүндөгү мыйзамы 30.05.1998 № 70 (өзг. толуктоолор менен 06.08.2018. №88)
7. Мамашарип кызы Б. Үй-бүлөлүк – укуктук макулдашууларды келишимдик жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 69-72.
8. Мамашарип кызы Б. Баланын калыптанышына үй-бүлөнүн таасири. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 12. С. 47-49.